# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2008-жылдын 4-августу № 189

## Ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө

*(КР 2016-жылдын 22-мартындагы № 24, 2020-жылдын 18-апрелиндеги № 45, 2021-жылдын 28-июлундагы № 88, 2022-жылдын 4-июлундагы N 56 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жаатында келип чыккан мамилелерди жөнгө салат жана аны жүргүзүүнүн укуктук, финансылык жана уюштуруучулук негиздерин аныктайт.

### 1-глава
### Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөндөгүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

**камсыздандырылуучу** - камсыздандыруучу уюм (камсыздандыруучу) менен камсыздандыруу келишимин түзгөн жаран же юридикалык жак;

**камсыздандыруучу** - камсыздандыруунун тиешелүү түрүн жүргүзүүгө лицензиясы бар жана коммерциялык уюм болуп эсептелген юридикалык жак (камсыздандыруу уюму);

**камсыздандыруу сый акысы** - камсыздандыруу келишими менен бекемделген тартипте жана мөөнөттө, камсыздандырылуучу камсыздандыруучуга милдеттүү түрдө төлөп бере турган келишимде көрсөтүлгөн төлөм;

**камсыздандыруу тарифи** - камсыздандыруу келишими боюнча төлөп берүүгө жаткан, камсыздандыруу сый акысынын көлөмүн аныктоодо колдонулуучу жана камсыздандыруучу тарабынан иштелип чыккан тарифтер;

**камсыздандыруу суммасы** - анын чегинде камсыздандыруу мүлктүк келишим боюнча камсыздандыруу төлөмүн төлөп берүүгө милдеттенген же ал жеке камсыздандыруу келишими боюнча төлөп берүүгө милдеттенген сумма;

**камсыздандыруу төлөмү** - камсыздандыруу окуясы пайда болгон мезгилде зыянды жабууда камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандыруучу төлөп берүүчү сумма;

**камсыздандыруу окуясы** - камсыздандырылуучуга камсыздандырылган жакка же пайда алуучуга камсыздандыруу төлөмдөрүн жүргүзүүгө камсыздандыруучунун

милдетинин мыйзамда же камсыздандыруу келишиминде көрсөтүлгөн окуянын болушу;

**камсыздандыруу тобокелчилиги** - башталганда же болгондо камсыздандыруу жүргүзүлөт деп болжолдонгон окуя;

**камсыздандыруу акылары** - камсыздандыруу келишиминин шарттарына ылайык камсыздандырылуучу камсыздандыруучуга мезгил-мезгили менен төлөп туруучу камсыздандыруу сый акысы;

**камсыздандыруу резерви** - камсыздандыруунун түрлөрү боюнча алынган камсыздандыруу акыларынан камсыздандыруучу тарабынан алардын камсыздандыруу милдеттемелерин аткарууну камсыз кылуу максатында түзүлгөн атайын акчалай фонддор;

**пайда табуучу** - жабырлануучу жана (же) өлгөн учурда жабырлануучу жеке жактын мураскору же болбосо юридикалык жак кайра уюштурулган учурда камсыздандыруу төлөмдөрүн алууга укугу бар анын мыйзамдуу укуктук мураскору болуп саналган жак;

**кайра камсыздандыруу** - аны менен түзүлгөн кайра камсыздандыруу келишими боюнча башка камсыздандыруучу камсыздандыруу төлөмүн төлөө тобокелдигинин бөлүгүн же толугу менен камсыздандыруу. Мында кайра камсыздандыруу келишимин түзгөн камсыздандыруучу камсыздандыруу келишими (негизги келишим) боюнча кайра камсыздандыруу келишиминде камсыздандырылуучу болуп эсептелет;

**кош камсыздандыруу** - бир эле мүлктү эки же андан ашык камсыздандыруучулардын камсыздандыруусу;

**чогуу камсыздандыруу** - бир объектини бир нече камсыздандыруучу бирдикте бир эле келишим боюнча камсыздандыруусу;

**франшиза** - тиешелүү өлчөмдөн ашпаган зыянды калыбына келтирүүдөн камсыздандыруучуну бошотуу;

**жоопкерчиликтин лимити** - бир камсыздандыруу окуясы боюнча камсыздандыруучу тарабынан камсыздандыруу төлөмүн төлөп берүүнүн эң жогорку өлчөмү;

**ташуучу** - менчик укугунда же башка мыйзамдуу негизде темир жол, суу, аба, автомобиль транспорту каражатына ээ болгон жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жалдануу боюнча же акыга аларды жана алардын мүлкүн ташууга укугу бар жеке же юридикалык жак;

**жүргүнчү** - өзүнүн же анын атынан түзүлгөн ташуу келишимин аткаруу үчүн ташуучу тарабынан акыга ташылуучу жеке жак;

**жабырлануучу** - ташууда өмүрүнө, ден соолугуна, мүлкүнө залал келтирилген жүргүнчү. Жүргүнчү менен бирге жүргөн балдар, ташууда алардын өмүрүнө жана (же) ден соолугуна залал келтирилсе алар дагы жүргүнчү деп таанылган-таанылбаганына карабастан, ошондой эле жабырлануучу деп таанылат;

**жүк** - жүргүнчүдөн бөлөк жайгаштырылган, жүргүнчү транспорт ишканасына тапшырган жана эреже катары жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорт каражаттарынын атайын жүк бөлүмүндө, жүк салынуучу автобус чиркемелеринде же жүк ташуучу автомобилдерде ташылган, ошондой эле жүргүнчүлөр тарабынан автовокзалдын (автобекеттин) сактоочу жайына тапшырылган буюмдар;

**көтөрмө жүк** - жүргүнчү акы төлөбөй алып жүрүүчү, ташуу үчүн таңгакталган буюмдар;

**маршрут** - белгилүү пункттардын ортосунда транспорт каражаты жүрүүчү белгиленген жол;

**каттам (рейс)** - маршруттун башталышынан акыркы пунктуна чейинки транспорттук каражаттын жүргөн жолу;

**ташуу тарифи** - жүргүнчүлөрдү жана жүктү ташуунун убакыт жана аралык боюнча акы төлөөнүн белгиленген чоңдугу;

**транспорттук каражат** - жүргүнчүлөрдү жана жүктү ташуу үчүн пайдаланылуучу ар кандай каражат;

**жүргүнчүлөрдүн өмүрүнө жана ден соолугуна келтирилген зыян** - ташуу процессинде пайда болгон камсыздандыруу окуясынын натыйжасында жүргүнчүлөрдүн өлүмү, жаракат алышы же ооруп калышы;

**жүргүнчүнүн мүлкүнө келтирилген зыян** - жүргүнчүнүн өзүндөгү жүгүнүн жана буюмдарынын (көтөрмө жүк) толук кыйрашы же жарым-жартылай бузулушу, ошондой эле уурдалуусу же жоголуусу;

**ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилиги** - жүк ташуучунун Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында белгиленген жүргүнчүлөрдүн жүгүн ташууда өмүрүнө, ден-соолугуна жана мүлкүнө келтирилген зыянды калыбына келтирүү милдети.

*(КР 2016-жылдын 22-мартындагы № 24, 2020-жылдын 18-апрелиндеги № 45 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**2-берене. Ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

1. Ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинен, ушул Мыйзамдан жана башка ченемдик укуктук актылардан турат.

2. Эгерде Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимде ушул Мыйзамда каралгандан башкага эрежелер белгиленсе, анда эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат.

**3-берене. Ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу объектиси**

1. Ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруунун (мындан ары - ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу) объектиси болуп Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында белгиленген жүргүнчүлөрдү ташууда алардын өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлктөрүнө келтирилген зыянды калыбына келтирүү боюнча ташуучунун милдетине байланыштуу камсыздандыруучунун (ташуучунун) мүлктүк кызыкчылыгы эсептелет.

2. Милдеттүү камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу тобокелчилигине ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн милдеттенмелер боюнча жарандык жоопкерчиликтин келип чыгышы кирет, ага төмөнкүлөрдүн натыйжасында келип чыккан жоопкерчиликтер кирбейт:

1) ташуучу менен эмгектик же жарандык-укуктук мамилелерге ылайык жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча кызматтык милдетин аткарууда камсыздандырылуучунун өзүнө же анын кызматкерине зыян келгенде;

2) алынбай калган пайданы калыбына келтирүү боюнча милдеттер пайда болгондо, моралдык зыян келтирилгенде;

3) сыноолорго, мелдештерге транспорт каражаттары менен катышып жаткан мезгилде, же атайын бөлүнгөн жайларда үйрөнүү үчүн машина айдоодо, ошондой эле транспорт каражаттарына жүк жүктөөдө, түшүрүүдө, анын ичинде суудан өткөрүүдө адамга же башка адамдын мүлкүнө зыян келтирилгенде;

4) курчап турган жаратылыш чөйрөсүн булгаганда;

5) кызматкерге келтирилген зыянды калыбына келтирүүдө, иш берүүчүнүн чыгымын калыбына келтирүү боюнча милдетин аткарууда;

6) айдоочу (учкуч, оператор, машинист ж.б) тарабынан өзү башкарган транспорттук каражаттарга жана ага чиркемелерге, аларга орнотулган жабдууларга зыян келгенде;

7) төмөндөгүлөрдү кошкондо жүк катары ташылуучу баалуулуктарга зыян келгенде:

- асыл металлдардын уютмасы жана алардан жасалган буюмдар;

- асыл таштар жана зергерлик буюмдар;

- банкноттор жана монеталар;

- облигациялар, төлөм каражаттары жана башка түрдөгү баалуу кагаздар;

- искусство чыгармалары;

- таберик жана сейрек учуроочу буюмдар, коллекциялык нерселер;

- жүрүү документтери, паспорт жана өздүгүн күбөлөндүргөн башка документтер, слайддар, фото сүрөттөр, фото негативдер, фильмдердин көчүрмөлөрү, иш кагаздары, чиймелер, пландар, схемалар, моделдер;

- диний ибадат буюмдары;

- үй жана асыл тукум жаныбарлары, өсүмдүктөр жана үрөндөр.

Ушул бөлүктө көрсөтүлгөн учурларда ташуучунун жарандык жоопкерчилиги келип чыкканда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алар тарабынан келтирилген зыян төлөнүп берилүүгө жатат.

**4-берене. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруунун негизги принциптери**

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруунун негизги принциптери болуп төмөндөгүлөр саналат:

- ушул Мыйзамда белгиленген чектерде жабырлануучунун өмүрүнө, ден соолугуна, же мүлкүнө келтирилген зыянды төлөп берүүгө кепилдик;

- ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин камсыздандыруунун жалпылыгы жана милдеттүүлүгү.

**5-берене. Жарандык жоопкерчилиги ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандырууга жаткан жактар**

1. Кыргыз Республикасында жүргүнчүлөрдү темир жол, суу, аба жана автомобиль транспортунда ташууну жүргүзүүчү ташуучу-резиденттердин жарандык-укуктук жоопкерчилиги милдеттүү камсыздандырылууга жатат.

2. Жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн пайдаланылуучу ар бир транспорт каражатын камсыздандыруу ташуучунун жарандык жоопкерчилигине жатат.

Ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык-укуктук жоопкерчилигин ыктыярдуу камсыздоо келишимин түзүү ташуучуну анын жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү милдетинен бошотпойт.

## 2-глава
## Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу системасынын иштешин камсыз кылуу

**6-берене. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жаатындагы мамлекеттик көзөмөл жана контроль**

1. Камсыздандыруу уюмдарынын ишине мамлекеттик көзөмөлдү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, камсыздандыруу ишин жөнгө салуучу жана көзөмөлдөөчү ыйгарым укуктуу орган жүргүзөт.

2. Ушул Мыйзамды ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү бөлүгүндө аткарууга мамлекеттик контроль жүргүзүү төмөндөгүлөргө жүктөлөт:

1) автомобиль транспорттун пайдаланууга карата Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Мамлекеттик автомобиль инспекциясынын (мындан ары - МАИ) бөлүмдөрүнө;

2) темир жол, суу жана аба транспортторун пайдаланууга карата транспорт жана коммуникациялар жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга.

**7-берене. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзбөстөн жүргүнчүлөрдү ташууга жол берилбестиги**

1. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзбөй туруп, ташуучунун жүргүнчүлөрдү ташуусуна жол берилбейт.

Жүргүнчүлөрдү ташуу укугуна лицензия, ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими болгондо берилет.

2. Эл аралык ташууну жүргүзгөн ташуучу Кыргыз Республикасы катышкан, мыйзамда белгилеген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык ташуучунун жоопкерчилигин камсыздандыруу келишимин түзүүгө милдеттүү.

3. Жүргүнчүлөрдү ташууну жүзөгө ашыруучу транспорт каражатын башкарган адам ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу полисин жанында алып жүрүүгө жана аны жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган мамлекеттик органдардын кызмат адамдарына текшерүү үчүн көрсөтүүгө милдеттүү.

*(КР 2020-жылдын 18-апрелиндеги № 45 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**8-берене. Маалыматтык өз ара аракеттешүү**

1. МАИ бөлүмдөрү жүргүнчүлөрдү ташуучу автомобиль транспортундагы транспорттук кырсыктын катышуучуларына камсыздандыруу окуясынын болгондугу

тууралуу фактыны далилдеген документтердин бирден нускасын, анын ичинде жолдо жүрүү эрежелерин бузгандыгы тууралу протоколдун көчүрмөсүн кырсыктын схемасын тиркөө менен акысыз берет.

2. Темир жол, суу жана аба транспортун пайдаланууга карата транспорт жана коммуникация жагында ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, МАИ бөлүмдөрү, прокуратура, сот органдары, саламаттык сактоо уюмдары, жүргүнчүлөрдү ташуучу транспортто болгон кырсык жана анын кесепеттери тууралу маалыматы бар башка мамлекеттик органдар жана уюмдар камсыздандыруучунун кайрылуусу боюнча маалыматты акысыз берүүгө милдеттүү.

3. Темир жол, суу жана аба транспортун пайдаланууга карата транспорт жана коммуникация жагында ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, ички иштер органдарынын мамлекеттик автомобиль инспекциясынын бөлүмдөрү тийиштүү камсыздандыруучуну болгон транспорттук кырсык тууралу кабардар кылат.

Камсыздандыруу окуясы болгондугу тууралу камсыздандыруучуга ар кандай башка адамдар да билдире алышат.

## 3-глава
## Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими

### 9-берене. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими жана аны түзүүнүн тартиби

1. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу ушул Мыйзамга ылайык камсыздандырылуучу менен камсыздандыруучунун ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде жүргүзүлөт.

2. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде жабырлануучунун өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө зыян келтирүүдөн келип чыккан милдеттенмелер боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүн жүргүзүү каралат, ага жабырлануучунун моралдык чыгымы жана алынбай калган пайдасынын ордун толтуруу, ошондой эле жабырлануучунун товарды берүү же жумуштарды жасоо (кызмат көрсөтүү) мөөнөтүн бузгандыгына контракт (келишим) боюнча анын башка милдеттенмелерин аткарбаганына байланыштуу айып төлөмдөрүнүн ордун толтуруу кирбейт.

3. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими камсыздандыруунун ушул түрүн жүргүзүү укугуна лицензиясы бар камсыздандыруучу менен гана түзүлөт.

Камсыздандырылуучу камсыздандыруучуну тандоо укугуна ээ.

Камсыздандыруучу ушул Мыйзамда каралган зарыл документтерди берген, милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү үчүн кайрылган кандай гана ташуучу болбосун мындай келишимди түзүүдөн баш тартууга укуксуз.

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандырылуучу камсыздандыруу сый акысын төлөп турууга милдеттенет, ал эми камсыздандыруучу камсыздандыруу окуясы болгон мезгилде пайда табуучу жакка ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн өлчөмдө, тартипте жана мөөнөттө камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөгө милдеттенет.

Милдеттүү камсыздандыруу келишими ачык келишим болуп саналат.

4. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими жазуу жүзүндө, камсыздандыруучу камсыздандырылуучуга камсыздандыруу полисин берүү жолу менен түзүлөт.

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүүнүн негизи болуп камсыздандырылуучунун арызы эсептелет.

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде көрсөтүлүүгө жаткан шарттардын толук эместиги үчүн камсыздандыруучу жоопкерчилик тартат. Анын айрым шарттарынын толук эместигинин натыйжасында ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими боюнча талаш келип чыккан учурда талаш камсыздандырылуучунун пайдасына чечилет.

5. Эгерде камсыздандыруучу камсыздандырылуучунун (камсыздандырылгандын) же жабырлануучунун абалы ушул Мыйзамда белгиленгенге салыштырмалуу начарлаган шарттарда ташуунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзсө, анда камсыздандыруу окуясы болгондо камсыздандырылуучунун (камсыздандырылгандан) жана жабырлануучунун алдында ушул Мыйзамда белгиленген шарттарда камсыздандыруучу жоопкерчилик тартат.

*(КР 2020-жылдын 18-апрелиндеги № 45 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**9[1]-берене. Милдеттүү камсыздандыруу эрежелери**

1. Тараптардын ушул Мыйзамда аныкталган милдеттүү камсыздандыруу келишими боюнча укуктарын жана милдеттерин ишке ашыруу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген милдеттүү камсыздандыруу эрежелеринде белгиленет.

2. Милдеттүү камсыздандыруу эрежелери башка жоболор менен бирге төмөнкү жоболорду камтыйт:

1) милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү, өзгөртүү, узартуу, бузуу, токтотуу тартибин;

2) милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү үчүн зарыл документтердин тизмегин;

3) камсыздандыруу сый акыларын төлөө тартибин;

4) милдеттүү камсыздандырууну жүзөгө ашырууда, анын ичинде камсыздандыруу окуясы болгондо адамдардын аракеттеринин тизмегин;

5) камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөө жөнүндө талаптарды коюу тартибин жана аны төлөө, ошондой эле бир нече пайда табуучунун ортосунда камсыздандыруу төлөмдөрүн бөлүштүрүү тартибин;

6) жабырлануучунун өмүрүнө зыян келтирилген учурда камсыздандыруу төлөмүн алууга укугу бар адамдардын тизмегин;

7) милдеттүү камсыздандыруу боюнча талаштарды чечүү тартибин.

*(КР 2020-жылдын 18-апрелиндеги № 45 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**10-берене. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминин колдонулушу**

1. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими ушул Мыйзамга ылайык жабырлануучу деп табылган бардык адамдарга карата колдонулат.

2. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими, эгерде ташуучунун жоопкерчилиги милдеттүү камсыздандыруу келишиминде башкача каралбаса, камсыздандыруучу камсыздандыруу сый акыны төлөп баштаган

мезгилден, ал эми аны бөлүп-бөлүп төлөөдө биринчи камсыздандыруу акысын төлөгөндөн баштап күчүнө кирет жана тараптар үчүн милдеттүү болуп калат.

3. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими, ушул берененин 4-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо, ал күчүнө кирген күндөн баштап он эки айлык мөөнөткө түзүлөт.

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими камсыздандыруунун бардык мөөнөтүндө колдонулат жана биринчи камсыздандыруу окуясы болгон учурда өзүнүн колдонулушун токтотпойт.

4. Эгерде ташуучунун жүргүнчүлөрдү ташуу укугу он эки айга жетпеген мезгилде бүтө турган болсо, анда ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими ошол мөөнөткө түзүлөт.

5. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминин колдонулушу, эгерде Кыргыз Республикасы катышкан, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, Кыргыз Республикасынын аймагы менен гана чектелет.

**11-берене. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин мөөнөтүнөн мурда токтотуу**

1. Камсыздандыруу келишими белгиленген мөөнөтү бүткөнчөктү, эгерде ал күчүнө киргенден кийин камсыздандыруу окуясы болбой калса жана камсыздандыруу тобокелдиги камсыздандыруу окуясы эмес башкача жагдайлар боюнча токтоп калган учурда токтотулат.

Мындай жагдайларга жарандык жоопкерчилик тобокелчилиги камсыздандырылган жаранды аракетке жарамсыз же жарамдуулугу чектелген деп табуу кирет.

2. Камсыздандыруу келишими, ушул Мыйзамдын 16-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо, белгиленген мөөнөттө кезектеги камсыздандыруу акысын төлөбөгөндө белгиленген мөөнөттө мөөнөтү бүтө электе токтотулат.

3. Камсыздандырылуучу (пайда табуучу), эгерде баш тартуу учуруна карата камсыздандыруу окуясы жокко чыкпаса, ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жагдайлар боюнча камсыздандыруу келишиминен баш тартууга укуктуу.

4. Ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн жагдайлар боюнча камсыздандыруу келишими мөөнөтүнөн мурда токтотулганда, камсыздандыруучу камсыздандыруу колдонууда болгон убакытка пропорциялуу түрдө камсыздандыруу сый акысынын бөлүгүнө укугу бар жана камсыздандыруу сый акысынын ашык алынган бөлүгүн кайтарып берүүгө милдеттүү.

**12-берене. Камсыздандыруунун укуктары жана милдеттери**

1. Камсыздандырылуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

1) камсыздандыруучудан ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими боюнча өзүнүн милдеттерин жана укугун, ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруунун шарттарын түшүндүрүүнү талап кылууга;

2) камсыздандыруу полиси жоголуп кеткен учурда анын дубликатын алууга;

3) жабырлануучунун ден соолугуна келтирилген залалдын өлчөмүн баалоо үчүн көз карандысыз эксперттин кызматынан пайдаланууга;

4) камсыздандыруучу, көз карандысыз эксперт тарабынан жүргүзүлгөн келтирилген зыяндын өлчөмүн баалоонун жыйынтыктары, камсыздандыруу төлөмдөрүнүн эсептери менен таанышууга;

5) ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин мөөнөтүнөн мурда токтотууга;

6) камсыздандыруу төлөмдөрүн жүргүзүүдөн баш тартканда же анын өлчөмүн азайтканда камсыздандыруучунун чечимин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте талашууга;

7) ушул Мыйзамда каралган жагдайларда камсыздандыруу төлөмүн алууга.

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде камсыздандырылуучунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка укуктары да каралышы мүмкүн.

2. Камсыздандырылуучу төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүүдө ушул Мыйзамга ылайык ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимине киргизүү үчүн керектүү маалыматтарды камсыздандыруучуга берүүгө;

2) ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде белгиленген өлчөмдө, тартипте жана мөөнөттө камсыздандыруу сый акысын төлөөгө;

3) түшүнүктүү ыкма (ооз эки, жазуу) менен камсыздандыруу окуясынын болушу тууралу өзүнө белгилүү болгон күндөн тартып токтоосуз, бирок үч жумуш күнүнөн кечиктирбестен камсыздандыруучуга билдирүүгө. Оозеки формадагы билдирүүдөн кийин (жетимиш эки сааттын ичинде) жазуу жүзүндө ырасталышы керек. Эгерде камсыздандырылуучунун жүйөлүү себептер менен көрсөтүлгөн аракеттерди аткарууга мүмкүнчүлүгү болбосо, ал аны документ түрүндө ырасташы керек;

4) камсыздандыруу окуясы болгон мезгилде түзүлгөн кырдаалда мүмкүн болгон зыянды болтурбоо же аны азайтуу, анын ичинде жабырлануучу адамдарга жардам көрсөтүү үчүн акыл-эстүү, жеткиликтүү чараларды кабыл алууга;

5) компетенциясына жараша камсыздандыруу окуясы жана жабыркаган адамдар жөнүндө тиешелүү органдарга (МАИ, өрт өчүрүү кызматы, медициналык тез жардам кызматы, авариялык кызмат) билдирүүгө;

6) камсыздандыруу окуясы боюнча акт түзүүгө.

7) камсыздандыруу окуясынын болушу үчүн жооптуу адамдан кайра талап коюу укугунун камсыздандыруучуга өтүүсүн камсыз кылууга.

8) жүргүнчүлөрдү ташууга чейин камсыздандыруу келишимин түзүүгө.

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде камсыздандырылуучунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка милдеттери да каралышы мүмкүн.

3. Камсыздандыруу окуясы болгон кезде транспорттук каражатты башкарган адамга камсыздандырылуучунун ушул берененин 2-бөлүгүнүн 4-, 5жана 7-бөлүктөрүндө белгиленген милдеттери жүктөлөт.

*(КР 2020-жылдын 18-апрелиндеги № 45 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**13-берене. Камсыздандыруучунун укуктары жана милдеттери**

1. Камсыздандыруучу төмөндөгүлөргө укуктуу.

1) ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүүдө Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде каралган маалыматтардан сырткары, ушул Мыйзамга ылайык ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимине киргизүү үчүн керектүү маалыматтарды, анын ичинде ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруунун мурдагы келишимдери, камсыздандыруу окуялары жана камсыздандыруу төлөмдөрү тууралуу маалыматтарды берүүнү камеыздандырылуучудан талап кылууга;

2) тиешелүү мамлекеттик органдардан жана уюмдардан, алардын компетенциясына жараша камсыздандыруу окуясынын болгондугун ырастаган документтерди суроого;

3) ушул Мыйзамдын 21-беренесинде каралган учурларда келтирилген зыян үчүн жоопкерчиликтүү адамга кайра талап коюу укугуна;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүн толук же жарым-жартылай төлөөдөн баш тартууга.

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде камсыздандыруучунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка укуктары да каралышы мүмкүн.

2. Камсыздандыруучу төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруунун шарттары менен камсыздандырылуучуну тааныштырууга, ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминен келип чыккан анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүүгө;

2) ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишими түзүлгөндө камсыздандырылуучуга камсыздандыруу полисин берүүгө;

3) камсыздандыруу окуясы болгондугу тууралу билдирүү алганда кечиктирбестен аны каттоого;

4) камсыздандыруу окуясы болгондугу тууралуу билдирүү алган учурдан тартып жети жумуш күнүнүн ичинде камсыздандырылуучунун же анын өкүлүнүн арызы боюнча келтирилген зыяндын өлчөмүнө баа берүү менен камсыздандыруу актысын түзүп, аны менен камсыздандырылуучуну жана/же пайда көрүүчүнү тааныштырууга;

5) камсыздандыруунун окуясы болгондо ушул Мыйзамда белгиленген өлчөмдө, тартипте жана мөөнөттө камсыздандыруу төлөмүн жүргүзүүгө;

6) камсыздандыруунун купуялуулугун сактоого:

7) камсыздандырылуучуга (камсыздандырылганга) камсыздандыруу окуясы болгондо чыгымдарды болтурбоо же азайтуу максатында алар жумшаган чыгымдардын ордун толтурууга.

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде камсыздандыруучунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка милдеттери да каралышы мүмкүн.

**14-берене. Жабырлануучунун укуктары**

1. Жабырлануучу төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) жүргүнчүлөрдү ташууну жүргүзүүнүн натыйжасында камсыздандырылуучу тарабынан камсыздандыруу окуясынын болгондугу тууралуу камсыздандырылуучуга кабарлоого;

2) камсыздандырылуучу менен бирдикте камсыздандыруу төлөмдөрүн жүргүзүүгө керектүү документтерди топтоого жана аларды камсыздандырылуучу менен ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзгөн камсыздандыруучуга берүүгө;

3) келтирилген зыяндын өлчөмүн баалоонун жыйынтыктары жана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмүнүн эсептери менен таанышууга;

4) ушул Мыйзамда белгиленген өлчөмдө жана тартипте камсыздандыруу төлөмүн алууга;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте камсыздандыруучунун камсыздандыруу төлөмдөрүнөн баш тарткандыгы же анын өлчөмүн азайткандыгы жөнүндөгү чечимин талашууга;

6) өзүнө келген зыяндын суммасы өзү алган камсыздандыруу төлөмүнүн суммасынан ашып кеткен учурда, бул айырманы төлөп берүү жөнүндө ташуучуга талап коюуга.

2. Ушул Мыйзамда каралган учурларда жабырлануучунун ушул berененин 1-бөлүгүндө белгиленген укуктары пайда алуучу катары чыккан башка адамдарга өтөт.

## 4-глава
## Камсыздандыруу сый акысы

### 15-berене. Камсыздандыруу сый акысынын өлчөмү

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандырууну ишке ашырууда камсыздандыруу сый акысынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан транспорт каражатынын бирдигине карата белгиленет.

### 16-berене. Камсыздандыруу сый акысын төлөөнүн тартиби жана мөөнөтү

1. Камсыздандыруу сый акысын төлөөнүн тартиби жана мөөнөтү ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде белгиленет.

2. Эгерде ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде камсыздандыруу сый акысын мөөнөтүнөн өткөрүп төлөө каралса, анда камсыздандырылуучу тарабынан кезектеги камсыздандыруу акысын төлөбөгөндүк камсыздандыруучунун ушул келишимди мөөнөтүнөн мурда токтотуп коюшуна негиз болуп эсептелбейт.

3. Кезектеги камсыздандыруу акысын убагында төлөбөгөндө камсыздандырылуучу камсыздандыруучуга Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде белгиленген өлчөмдө жана тартипте үстөк төлөмүн төлөп берүүгө милдеттүү.

## 5-глава
## Камсыздандыруу окуясын, келтирилген зыяндын жана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмдөрүн аныктоо

### 17-berене. Камсыздандыруу окуясын жана келтирилген зыяндын өлчөмүн аныктоо

1. Камсыздандыруу окуясы болуп ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу боюнча жүргүнчүлөрдү ташууда алардын өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө келтирилген зыянды төлөп берүү боюнча ташуучунун жарандык жоопкерчилиги келип чыккан учур эсептелет.

2. Жабырлануучунун өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө келтирилген зыян адамдын өлүмүнө, жаракат алышына, оорусуна жана жүргүнчүлөрдүн жүгүнүн (көтөрмө жүгүнүн) жана буюмдарынын толук кыйрашына же жарым-жартылай бузулушуна, ошондой эле уурдалып же жоголуп кетишине байланышкан зыяндын материалдык туюнтулушун камтыйт.

Жабырлануучунун өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө келтирилген зыяндын өлчөмү ушул Мыйзамга ылайык, тиешелүү уюмдар берген документтердин негизинде аныкталат.

3. Камсыздандыруу окуясынын болгондугун, ошондой эле ага келтирилген зыяндын өлчөмүн далилдөө камсыздандырылуучуга тиешелүү.

Жабырлануучунун өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирилгени үчүн камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгилеген тартипте, жабырлануучунун ден соолугуна келтирилген зыяндын мүнөзүнө жана оордугуна жараша ченемдерге ылайык аныкталат.

4. Камсыздандыруучу же көз карандысыз эксперт тарабынан мүлккө келтирилген зыяндын өлчөмүн баалоонун жыйынтыктары менен макул болбогон учурда камсыздандырылуучу (камсыздандырылган) же жабырлануучу зыяндын өлчөмүн баалоо үчүн башка көз карандысыз эксперткe кайрылууга укуктуу. Мында эгерде камсыздандыруучу же сот тарабынан жүргүзүлгөн баалоо негиздүү жана объективдүү деп таанылса, камсыздандырылуучунун (камсыздандырылгандын) же жабырлануучунун буга жумшаган чыгымдары, камсыздандыруу төлөмү төлөнүп берилгендигине карабастан камсыздандыруучу тарабынан төлөнүп берилүүгө жатат.

5. Эгерде камсыздандыруучу же көз карандысыз эксперт тарабынан алар камсыздандыруу учуру келип чыкканы жөнүндө кабарды алгандан кийин жети жумуш күнүнүн ичинде жоготулган, жетишпеген же бүлүнгөн (бузулган) мүлктү зарыл кароодон өткөрүү жүргүзүлбөсө жана камсыздандыруу актысын түзүү менен мүлккө келтирилген зыяндын өлчөмү бааланбаса, анда камсыздандырылуучу (камсыздандырылган) же жабырлануучу көз карандысыз эксперттин кызматынан пайдаланууга жана мүлктү төлөтүп алууну (утилдештирүүнү) баштоого укуктуу. Мында камсыздандыруучу, эгерде ал тарабынан зыян келтирилген (жок кылынган) мүлктү өз учурунда баалоонун мүмкүн болбогонун жүйөлүү себептер менен (ушул мүлктүн ээсинин өлүмү, оорусу) же болбосо камсыздандырылуучунун (камсыздандырылгандын) же жабырлануучунун баалоо үчүн мүлктү көрсөтүүдөн баш тартуусуна байланышкан күнөөсү менен шартталганын далилдей албаса, келтирилген зыяндын өлчөмүн баалоонун жыйынтыктарын талашууга укугу жок.

*(КР 2020-жылдын 18-апрелиндеги № 45 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**18-берене. Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмүн аныктоо**

1. Камсыздандыруучунун жоопкерчилигинин лимити Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

2. Жабырлануучунун өмүрүнө жана ден соолугуна келген зыян, анын өлүмүнө же аныкталган майыптыгына алып келсе, камсыздандыруу төлөмдөрү, ушул берененин 1-бөлүгүндө белгиленген камсыздандыруучунун жоопкерчилигинин чектелген көлөмүнүн өлчөмүндө жүзөгө ашырылат.

3. Камсыздандыруу төлөмүнүн көлөмүн эсептөө үчүн камсыздандыруу төлөмүн жүргүзүү күнүнө карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген эсептик көрсөткүч пайдаланылат.

4. Жабырлануучунун өмүрүнө жана ден соолугуна келтирилген зыян үчүн камсыздандыруу төлөмдөрүн жүргүзүүдө франшиздер колдонулбайт.

5. Камсыздандыруу суммасы келтирилген зыянды толугу менен төлөп берүү үчүн жетишсиз болгондо ташуучу жабырлануучуга камсыздандыруу суммасы менен зыяндын аныкталган суммасынын айырмасын төлөп берет.

6. Жабырлануучу өлүмгө учураганда аны көмүүдө, эгерде мураскору болбосо, камсыздандыруучу өлгөн адамды көмүүгө кеткен чыгымды төлөйт жана ал Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте, ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде көрсөтүлгөн камсыздандыруу суммасынын чегинде жүргүзүлөт.

7. Чыгымдарды болтурбоо же азайтуу максаттарында камсыздандырылуучу (камсыздандырылган) жумшаган чыгымдар, эгерде мындай чыгымдар зарыл болсо же камсыздандыруучунун көрсөтмөлөрүн аткаруу үчүн жүргүзүлсө, тиешелүү чаралар ийгиликсиз болуп калса да камсыздандыруучу тарабынан төлөнүп берилүүгө жатат.

Мындай чыгымдар иш жүзүндөгү өлчөмүндө төлөнүп берилет, мында камсыздандыруу төлөмүнүн жана чыгымдарды компенсациялоонун жалпы суммасы ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминде көрсөтүлгөн камсыздандыруу суммасынан ашпоосу керек. Эгерде чыгымдар камсыздандырылуучу тарабынан камсыздандыруучунун көрсөтмөлөрүн аткаруунун натыйжасында болсо, алар камсыздандыруу суммасына көз карандысыз түрдө толук өлчөмдө төлөнүп берилет.

Аталган чыгымдар камсыздандыруучу тарабынан аларды тарткан адамга тикелей төлөнүп берилет.

**19-берене. Камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөп берүүнүн жалпы шарттары**

1. Камсыздандыруучуга камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөө талабын камсыздандырылуучу же пайда табуучу болуп эсептелген башка адам камсыздандыруу төлөмүн төлөтүп алуу үчүн зарыл документтерин тиркөө менен жазуу жүзүндө берет.

2. Камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөө жөнүндө арызга төмөндөгү документтер тиркелет:

1) камсыздандыруу полиси (анын көчүрмөсү);

2) камсыздандыруу окуясынын болгондугун жана жабырлануучуга келтирилген зыяндын өлчөмүн ырастоочу документ;

3) транспортто камсыздандыруу окуясынын болгондугу тууралу камсыздандырылуучу (ташуучу) тарабынан түзүлгөн акт;

4) жүргүнчүгө билет берилген учурда - жүрүү билети же аны алмаштыруучу документ (билетти саткан ведомосттун көчүрмөсү же билеттин ташуучу күбөлөндүргөн дүмүрчөгү) же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жол-жоболоштурулган күбөлөрдүн көрсөтүүлөрү;

5) убактылуу эмгекке жарамсыздыгынын мөөнөтү жөнүндө саламаттык сактоо уюмдары берген маалымкаттын же жабырлануучуга берилген майыптыкты аныктоо жөнүндө адистештирилген мекемелердин маалымкатынын көчүрмөсү - ал аныкталган учурда;

6) жабырлануучунун өлгөндүгү тууралу күбөлүгүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү жана жабырлануучу өлгөн учурда пайда алуучунун зыяндын төлөтүп алуу укугун ырастоочу документ (көчүрмөсү);

7) жабырлануучунун жок болгон, жетишпеген же бүлүнгөн (бузулган) мүлктөрүнүн тизмеги - мүлккө зыян келтирилген учурда;

8) камсыздандырылуучу (камсыздандырылган) камсыздандыруу окуясы болгондо зыянды болтурбоо же азайтуу максаттарында тарткан чыгымдарды ырастоочу документтер - алар болсо.

Камсыздандыруучунун камсыздандырылуучудан (камсыздандырылгандан) же жабырлануучудан кошумча документтерди талап кылуусуна жол берилбейт.

3. Документтерди алган камсыздандыруучу көрсөтүлгөн документтерди жана аларды алуу күнүн толук көрсөтүү менен арыз ээсине маалымкат берүүгө милдеттүү.

4. Пайда табуучу жак болуп жабырлануучу (ал өлүп калган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жабырлануучунун өлүмүнө байланыштуу зыянды төлөтүп алууга укугу бар адам), ошондой эле камсыздандырылуучу эсептелет.

5. Жабырлануучунун өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө келтирилген зыян үчүн камсыздандыруу төлөмдөрү, башка камсыздоо келишимдери боюнча ага (зыянды төлөтүп алуу укугуна ээ болгон жакка) төлөнүүчү суммага көз карандысыз түрдө жүргүзүлөт.

6. Жабырлануучунун жазуу жүзүндө берген арызы же нотариалдык күбөлөндүрүлгөн ишеним каты боюнча камсыздандыруу төлөмү ага ден соолугун жана (же) мүлкүн калыбына келтирүүгө жардам көрсөткөн адамга тикелей төлөнүп берилиши мүмкүн.

7. Камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөнү жүзөгө ашырууда камсыздандыруучу пайда алуучудан камсыздандыруучуга талап коюу укугун чектөөчү шарттарды кабыл алууну талап кылууга укугу жок.

**20-берене. Камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөнү жүзөгө ашыруунун тартиби**

1. Камсыздандыруучу тарабынан камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөө болгон окуяны камсыздандырылууга жатат деп таанууга чечим кабыл алуу үчүн бардык документтер алынган күндөн баштап отуз күндүн ичинде жүргүзүлөт.

2. Эгерде камсыздандыруу окуясынын болушуна алып келген жагдайдын негизинде жабырлануучунун ден соолугу начарласа (майыптыгы же жогорураак топтогу майыптыгы белгиленсе) же ал өлүмгө учураса, камсыздандыруучу жабырлануучудан (пайда алуучудан) келип түшкөн арыздын жана тиешелүү документтердин негизинде камсыздандыруучу камсыздандыруу төлөмдөрүнүн суммасын ушул Мыйзамда белгиленген тартипте жана өлчөмдө кайра эсептөөгө милдеттүү. Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн суммасын кайра эсептөөдө мурда төлөнүп берилген суммалар эсепке алынат.

3. Камсыздандыруу төлөмдөрүн өз убагында жүргүзбөгөндө камсыздандыруучу пайда алуучуга Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде белгиленген тартипте жана өлчөмдө үстөк төлөм төлөп берүүгө милдеттүү.

**21-берене. Зыян келтирген жакка кайра талап коюу укугу**

1. Камсыздандыруу төлөмдөрүн жүргүзүп жаткан камсыздандыруучу камсыздандырылуучудан төлөнгөн сумманын чегинде кайра талап коюу укугуна төмөндөгүдөй учурларда ээ болот:

1) зарыл коргонуу же чукул зарылдык абалында жасалган аракеттерди кошпогондо, камсыздандыруу окуясынын келип чыгышына же анын болушуна шарт түзүүгө атайылап багытталган аракеттерден кийин жарандык жоопкерчилик келип чыкса;

2) транспорттук каражатты алкоголдук, наркотикалык же токсикоманиялык мас абалында башкаруунун кесепетинен камсыздандырылуучунун жарандык жоопкерчилиги келип чыкса;

3) транспорттук каражатты аны башкарууга укугу болбогон адам башкарса;

4) камсыздандыруу окуясын соттук териштирүүдө транспорттук каражаттын оң эмес абалын билип же билүүгө милдеттүү болуп туруп транспорттук каражатты башкаруунун кесепетинен келип чыккандыгы белгилүү болсо;

5) транспорттук каражатты анын техникалык арналышына туура келбеген башка максатта пайдаланганда;

6) камсыздандырылуучу камсыздандыруу окуясынан келип чыккан зыянды азайтуу боюнча чараларды атайылап көрбөгөндө.

2. Эгерде ушул berененин 1-бөлүгүндө саналып өткөн учурларда келтирилген зыян үчүн транспорттук каражатты анын ээси менен эмгек келишиминин негизинде же аны менен жазуу жүзүндө бүтүм түзбөстөн эле анын катышуусунда пайдаланып жаткан адам күнөөлүү болсо, камсыздандыруучу ушул транспорттук каражаттын ээсине кайра доо коюу укугуна ээ болот.

3. Камсыздандыруу төлөмүн төлөп берген камсыздандыруучуга төлөнүп берилген сумманын чегинде зыян келтирген адамдан камсыздандыруунун негизинде төлөнүп берилген зыян үчүн күнөөлүү жакка карата кайра талап коюу укугу ал төлөп берген сумманын чегинде өтөт.

**22-берене. Камсыздандыруучуну камсыздандыруу төлөмдөрүн жүзөгө ашыруудан бошотуунун негиздери**

1. Эгерде камсыздандыруу окуясы төмөндөгүлөрдөн улам келип чыкса. камсыздандыруучу камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөдөн толугу менен же жарым-жартылай баш тартууга укуктуу:

1) зарыл коргонуу же чукул зарылдык абалында жасалган аракеттерди кошпогондо, пайда табуучунун камсыздандыруу окуясын жасаган же анын болушуна шарт түзгөн атайын аракети болгондо;

2) пайда табуучунун камсыздандыруу окуясы менен себептик байланышка турган аракеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте атайын жасалган кылмыш же укук бузуу болуп эсептелсе.

2. Камсыздандыруучунун камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөдөн баш тартуусуна төмөндөгүлөр да негиз болушу мүмкүн:

1) зыян келтирилишине күнөөлүү адамдан келтирилген чыгымды камсыздандыруучунун төлөтүп алуусу;

2) ушул Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, камсыздандыруучуга камсыздандыруу окуясынын болгондугун билдирбөө же кечиктирип билдирүү.

3. Эгерде ал жүйөлүү себептер менен шартталса жана жабырлануучунун өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө зыян келтирилген камсыздандыруу окуясынын фактысын ырастаган тиешелүү документтер берилсе, камсыздандыруучуга камсыздандыруу окуясынын болгондугун билдирбөө же кечиктирип билдирүү камсыздандыруу төлөмдөрүн жүргүзүүдөн баш тартууга негиз болуп эсептелбейт.

4. Камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөп берүүдөн баш тартууга негиздер болгондо камсыздандыруучу өзүнө берилген талапты алган күндөн тартып отуз күндүн ичинде камсыздандыруу төлөмдөрүн талап кылып кайрылган жакка жазуу жүзүндө камсыздандыруу төлөмдөрүнөн толугу менен же жарым-жартылай баш тартуу тууралу, баш тартуунун жүйөлүү негизин билдирүү менен, кабыл алган чечимди жөнөтүүгө милдеттүү.

5. Эгерде камсыздандыруу окуясы төмөндөгүлөрдүн натыйжасында келип чыкса камсыздандыруучу камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөнү жүзөгө ашыруудан бошотулат:

1) ядролук жарылуунун, радиациялык же радиоактивдүү булгануулардын таасиринин;

2) согуштук же ал сыяктуу аракеттердин (согуш жарыяланган, жарыяланбаганына карабастан). террордук актылардын, чет мамлекеттердин кол салуусунун, душмандык аракеттеринин жарандык согуштун;

3) козголоңдун, иш таштоонун, локауттун, элдик көтөрүлүшкө, бунтка чейин жеткен жарандык тартипсиздиктердин, жарандык толкундоолордун, аскердик козголоңдун, революциянын, бийликти аскер күчү менен басып алуунун же тартып алуунун, мүлктү конфискациялоонун, реквизициялоонун же мамлекеттештирүүнүн.

6. Камсыздандыруучу ушул беренеде каралгандардан башка негиздер боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөдөн баш тартууга укугу жок.

*(КР 2021-жылдын 28-июлундагы № 88 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 6-глава
## Корутунду жоболор

### 23-берене. Талаштарды кароо тартиби

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминен келип чыккан талаштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каралат.

### 24-берене. Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

Ташуучунун жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган күнөөлүү жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликти тартат.

*(КР 2022-жылдын 4-июлундагы N 56 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 25-берене. Ушул Мыйзамды колдонууга киргизүүнүн тартиби

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып алты айдан кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- ушул Мыйзамды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук актыларды алты айлык мөөнөттө иштеп чыксын;

- өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **К.Бакиев**